Карабеков Сатыбай атындагы орто мектеби

# Тарбиялык ачык сабак

**Тема: «Китеп окууну көнүмүш адатка айландырыңыз»!**

**Түзгөн: Исабаева Ж.А.**

Тарбиялык класстык саат

17-декабрь 2022-жыл 3-класс

Карабеков Сатынбай орто мектеби

**Тема: Китеп окууну көнүмүш адатка айландырыныз**

Окуу ушунчалык бир таттуу, башка эч нерсе анын даамына жетпейт.

Окуунун даамын таткан жашоонун да даамын татып баштайт. Али Серт

**Сабактын максаты:**

Окуучулар окуунун маанилүүлүгүн түшүнүшөт, жакшы окуу тууралуу пикирлерди окушат жана пайдаланышат.

**Мугалим үчүн колдонуучу материалдар:**

Окууну көнүмүш адатка айландыруу максатында канчалаган түрдүүчө методдор иштелип жана бир канчасы ийгиликтерге жетишкен. Бул методдордун орток пикирине көнүл буруп,бул принциптердин арасында чыныгы аракеттин арасында чыныгы инсанга түшө тургандыгын баса белгилеп кетүү керек. Бардык жөндөмдөр сыяктуу эле , окуу жөндөмдүүлүгүн да өнүктүрүүгө болот. Окуган инсан жогорудагыларды аткарганда окууну көнүмүш адатка айландырууда эч кимдин жардамына муктаждыгы калбагандыгын көрөт.

Бир китепти бир эле жолу окуп бир чекеге такап коюу болбойт,убакыттын өтүшү менен кайталап окуп туруу керек. Үйрөнүүнүн бир гана шарты кайталоо. Бардык окугандарыбызды эсибизге сактай албашыбыз мүмкүн, бул психологиялык жана физалогиялык чындык. Бир китеп шаар сыяктуу. Ал шаарда бир эле айлануу жетишсиз. Мүнкүн болсо шаарда бир аз калуу керек жана кээ бир маанилүү жерлерди кайра айлануу пайдалуу болот.

Адаттагыдай окуу формасы,билимге болгон чаңкообузду канааттандырбайт.

Бул үчүн жашоонун ар кадамындай болгондой эле, окууда жана түшүнүүдө бир план жана бир программа керектелет. Окууну адатка айландыруу жана окулган нерселерден пайдалана билүү үчүн бир канча принциптеди билүү жана жүзөгө ашыруу шарт.

Көргөндөрүбүз жана жасагандарыбыз,тажырыйба да окууда да билимдерин арттырат. Ийгиликтердин алгачкы сыры, тажрыйбаны билим менен

айкалыштыруу же болбосо билимди тажрыйба менен бышыктоо. Мына ошондуктан ар бир инсандын көп-көп окууга муктаждыгы бар. Жалгыз,акылдын жетилүүсү ,окуган нерселердин түшүнүктүү болуусуна байланыштуу.

Бир жазууну мааниси менен түшүнүү, ал да бир өнөр.Биз мунун атын окуу жана түшүнүү деп айтабыз. Окулган билимдин практика жүзүнө ашырылуусу аны түшүнүү менен гана мүмкүн болот. Окуунун адатка айландырылуусу жана уланып туруусу үчүн кээ бир нерселерге маани берилүүсү керек. Кыскача төмөндөгүчө:

1. Учурдагы аз окуган адам менен көп окуган адамдын өздүк жана коомдогу ордун салыштырыңыз.
2. Окуунун сизге алып келген пайдаларын ойлонуңуз.
3. Окуунун бир канча проблемаларды чечкендигин,психологиялык рахат тартуулаганын ,эң жакын дос болгондугун,өмүрдүн ар бир мүнөтүн бош кетүүсүнө жол бербегендигин билиниз.
4. Бир адат,тырышчактык,ырахат жана уланып туруу менен болот. Окуу темасында өзүңүзгө өзүңүз сөз бериңиз жана мында тырышчаактыкты көрсөтүңүз . Бир канча убакыттан кийин мунун жыйынтыгы алынат
5. Китеп окууну сиз үчүн кызыктуу болгон темадан баштаңыз. Кызыгууңуз артсын жана каалооңуз болсун.
6. Досторуңузга китеп белек кылыңыз.
7. Китеп окуу үчүн күчтүү бир каалоо керек. Китеп окуу каалоосу төмөндөгүчө түзүлөт;

а) досторуңуздун арасында сөзгө ээ болуңуз үчүн;
б) ырахаттанып сүйлөшүү жана оргиналдуу пикирлерге ээ болуу үчүн;
в) класстын же болбосо мектептин эң жакшысы болуу үчүн;
г) келечегиңизге эң жакшы инвеститция тартуу үчүн;
д) жазуучу же болбосо газета журналдарга макалдарды жазуу үчүн;
ж) билимдү инсан болуу үчүн

8.Бош убактыңызды китеп окуу менен өткөрүңүз.

9.Китеп окуу планыңызда сөзсүз түрдө болсун. Күнүнө ушунчалык, саат мынчада….. Жумасына же болбосо айына мынча китеп окуйм сыяктуу өзүңүзгө максат койуңуз.

10. Окуунун алгачкы баскычы, окууга даярдык болуп саналат. Окууну улантып туруу маанилүү болсо, алгач план түзүү зарыл. өзгөчө сабак даярдоо максаттында окуу сөзсүз түрдө план менен болуш керек. Бул иш

жараяны күнүгө бир убакытта болуусу керек. Эмнени эмне үчүн окуушубузду жакшы билишибиз керек.

11. Окуу, иш жарыяны, дайыма улантып турган болсо отурган жер мааниге ээ. Отурган жериңизден баштап дубалдагы сүрөттөргө чейин бардык нерсе бизге таасирин тийгизет. Көбүнчө терезенин астына отурбоо керек .үндөн алыс жана бош дубалга караган столдо окуу дагы да жакшы болот.

12. Окуп жаткан мезгилде тамактануу көңүлдүү бурат.

13. Китеп-окуу үчүн . Китепке эч качан жазуу жазылбайт. Бир гана маанилүү жерлеринин астын сызуу керек.

14. Окуу жарыяны тик отурган отургучта дагы да пайдалуу болот.

15. Китептин беттерин ортон кол менен  жана беттин  оң үстү тарабынан ачылат. Бармак сууланган абалда астынан ачылбайт.

16. Китептин четтеринин беттери бүктөлбөйт. Китептин кайсы жерине келген болсок,ошо жерге кичинекей кагаз коюлат.Кээ бир том-том китептерде ушу максатта китептин четине жип орнотулат.

17. Сыйлык болуп берилген китептер да өтө жакшы колдонулушу керек.

18. Китепкананын китептери өз учурунда өткөрүлүшү керек.

19. үйдө окуп жатканда сөзсүз алдында сөздүк болуусу зарыл.

20. Сапарда эң жакшы дос китеп. Китепсиз узун жолго чыга албайт.

21. Китеп эң жакшы дос, ал корголуусу керек.

22. Окууга байланыштуу үйрөнгөнүңүздөрдү колдонуу жана адатка айландыруу үчүн күнүмдүк окугандарыңыздардан газета журналдардан тартып китепке чейин да пайдаланууга аракет кылыныз.

# 17-октябрь

**Тема:** **Китеп окууну көнүмүш адатка айландырыңыз**

# Сабактын максаты:

Окуучулар китеп окуунун эрежелери менен таанышат. Ар кандай кызыктуу китептерди өздөрү тандап алууга үйрөнүшөт. Китеп жөнүндө терең маалымат ала алышат.

Ой – жүгүртүүлөрү, сүйлөө кеби өнүгөт, ар кандай ырларды, макалдарды, табышмактарды туура, так айтууга өйрүнүшөт.Суроо –жооп ала алышат.


Досторун сыйлоого,алардын пикирин угууга,жардамдашууга тарбияланышат.


Топтордо,жуптарда иштөөгө үйрөнүшөт.

# Китеп окуу эрежеси:

1. Китеп окуганда көздөн китепти 30-40 см алыстыкта кармагыла.
2. Отургучка отуруп окуу.
3. Чарчаганда окубай эле коюу керек.
4. Тамактанып отурганда окубоо.
5. Китеп окуганда жарык сол тараптан тийип, турганы көзгө жакшы.
6. Түшүнүп окуу керек.
7. Китеп окуудан мурун авторун билүү керек.
8. Барактарын бүктөбөш керек.

# 23 - апрель –
# Бүткүл дүйнөлүк
# китеп күнү






*«Китепти окуп, баркын бил!»*

VivaVideo




Билбегенди билгизген,
Мээге сезим киргизген.
Ак булуттун үстүндө,
Айга жакын жүргүзгөн.

# Окурман

# бурч



Ширенкени туура пайдалан.
17-октябрь
«Китепти окуп, баркын бил!»
Окурман бурч
Китеп